Бурана жана Чоң-Кемин өрөөнүнө бир күндүк тур

Өлкө: Кыргызстан

Сүрөттөө:

"Бурана" мунарасы силерге көп жылдар аралыгында катып келген уламыштары жөнүндө айтып, сырларын ачып берет. Мунаранын үстүнө чыгып, ачык асман алдындагы музейди көрсөңөр болот. Андан кийин Чоң-Кемин өрөөнүнө  жол улай конок уйуно бет аласынар.  Бул жер шаардан алыс, эс алууга ыңгайлуу жер. Ат менен сейилдеп, жаратылыш койнунда, таза аба менен дем алып, көчмөндөрдүн жашоосу менен жакындан таанышып, силер үчүн унутулгус эс алуу болот. Меймандос үй-бүлө улуттук кыргыз даамдары менен силерди коноктойт.

Программа

Турдун узактыгы: 6-7 саат
Алыстыгы: Бишкек шаарынан 135 км узактыкта
Бийиктиги: 1400-2800 м
Сезон: жыл бою

"Бурана" мунарасы - кыргыз элинин маданий мурасынын эстелиги жана  Кыргызстандын археолого-архитектуралык музейинин бир бөлүгү, мунара Бурана шаарынын калдыгы жана Орто Азиядагы байыркы курулуштардын бири болуп саналат. Мунара Кегети капчыгайына бара жаткан жолдо, Чу дарыясынын сол жээгинде Токмок шаарынын түштүк батышында 12 км алыстыкта жайгашкан. X—XI к курулган эң алгачкы мунаранын бийиктиги 40 м ашкан эмес, бирок үстү жагы жер титирөөдөн улам кыйрап калган. Мунаранын бийиктиги азыркы күндө 21,7 м жетет. Бурана шаарынын калдыгы аны менен бирге мунараны XIX к ортосунда эле тарыхый жерлерди изилдөөчү орус окумуштуулары тарабынан  изилденип баштаган. Совет бийлиги орногон алгачкы жылдары  "Бурана" мунарасын сактап калуу  жана шаарды изилдөө боюнча бир канча чаралар көрүлгөн. 1927-жылы казуу иштери башталып, пландар коюлуп, материалдар чогултулуп баштаган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында шаардын курулуу планы өтө татаал болгондугу аныкталган.

09:30 - Бишкек шаарынан чыгуу
10:30 - "Бурана" мунарасына келүү, экскурсия
11:00 - Чон-Кеминге жолду улоо
12:00 - Конок үйдө түшкү тамактануу
13:00 - Ат менен же жоо сейилдөө
15:00 - Чай сааты
15:30 - Бишкекке жол тартуу

Каалооңуз боюнча тур улантылуусу мүмкүн

Баанын ичинде

- Экскурсилар

Мезгил:

баштап 88 $
Бир күндүк тур

Күн: 1 / Түн: 0

---

Бурана жана Чоң-Кемин өрөөнүнө бир күндүк тур



---

Байланышуу:
(24/7) +996 312 900 883, +996 701 900 883, +996 777 900 883, +996 557 900 883
tours@concept.kg